DOI:10.26104/NNTIK.2023.14.40.046

*Патиев Н.М., Токтакун кызы Г.*

# АКСАКАЛДАР СОТУ ЖӨНҮНДӨ ТҮШҮНҮК ЖАНА АКСАКАЛДАР СОТ ӨНДҮРҮШҮНҮН МААНИСИ

*Патиев Н.М., Токтакун кызы Г.*

# ПОНЯТИЕ СУДА АКСАКАЛОВ И ЗНАЧЕНИЕ СУДОПРОИЗВОДСТВА СУДА АКСАКАЛОВ

*N. Patiev, Toktakun kyzy G.*

# THE CONCEPT OF THE COURT OF ELDERS AND THE MEANING PROCEEDINGS OF THE COURT OF ELDERS

*УДК: 34.096*

*Макалада аксакалдар сотунун түзүлүшү, укуктук өзгөчөлүктөрү талданат. Коомчулукта пайда болгон талаш-тартыш маселелерди чечүүдөгү аксакалдар сотунун орду аныкталат. Мыйзамда аныкталган аксакалдар сотунун ыйгарым укуктарына жана иш тартибине, милдеттерине сарасеп салынат. Аксакалдар соттору – булар ыктыярдуулук башталышта жана шайлануучулук жолу менен, өз алдынча башкаруу формасында түзүлүүчү, мыйзамда белгиленген тартипте сот органдары тарабынан жөнөтүлүүчү материалдарды, ошондой эле жарандар ортосундагы талаш - тартыштар боюнча иштерди аксакалдар соттору жөнүндөгү мыйзамада белгиленген учурларда жана тартипте, кароону жүзөгө ашырууга чакырылган коомдук органдар. Жыйынтыктап айтканда, аксакалдар соту – мыйзамга ылайык, сот, прокурор, ички иштер органдары ж. б. мамлекеттик органдар менен кызмат адамдары тарабынан жиберилген материалдарды кароого чакырылган ыктыярдуу башталышта түзүлүп, шайлоого жана өз алдынча башкарууга негизделген коомдук органдар болуп саналат. Аксакалдар соту юридикалык жак болуп саналбайт жана акыйкат органдарында каттоого алынбайт.*

***Негизги сөздөр:*** *аксакалдар соту, чечим, талаш-тартыш маселе, укук, салт, сот органдары, мамлекет, коом, мамлекеттик эмес сот.*

*В статье анализируется структура суда аксакалов, правовые различия. Определено место суда аксакалов в решении спорных вопросов, возникающих в обществе. Рассмотрены полномочия, порядок и обязанности суда аксакалов, определенные в законе. Суды аксакалов являются государственными органами, которые создаются на общественных началах и путем выборов, в форме самоуправления и призваны рассматривать материалы, направляемые судебными органами в соответствии с законом, а также споры между гражданами в случаях и в порядке, установленных законом о судах аксакалов. В итоге, суд аксакалов – это по закону судья, прокурор, органы внутренних дел и т.д. Это общественные органы, основанные на выборах и самоуправлении, созданные на общественных началах и приглашенные для рассмотрения материалов, присылаемых государственными органами и должностными лицами. Суд аксакалов не является юридическим лицом и не зарегистрирован в органах юстиции.*

***Ключевые слова:*** *суд аксакалов, решение, спорный вопрос, закон, традиция, судебные органы, государство, общество, негосударственный суд.*

*The article analyzes the structure of the court of elders and legal differences. The place of the court of elders in resolving controversial issues arising in society has been determined. The powers, procedure and responsibilities of the aksakal court, defined in the law, are considered. Aksakal courts are state bodies that are created on a voluntary basis and through elections, in the form of self-government and are designed to consider materials sent by the judiciary in accordance with the law, as well as disputes between citizens in cases and in the manner established by the law on senior courts. In short, the court of elders is, according to the law, a judge, a prosecutor, internal affairs bodies, etc. b. These are public bodies based on elections and self-government, created on a voluntary basis and invited to review materials sent by government bodies and officials. The Court of Elders is not a legal entity and is not registered with the justice authorities.*

***Key words*****:** *court of elders, decision, controversial issue, law, tradition, judicial authorities, state, society, non-state court*

Аксакалдар соту – аракеттеги Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, белгиленген тартипте сот, прокурор, ички иштер органдары ж.б. мамлекеттик органдар менен кызмат адамдары тарабынан жиберилген материалдарды кароого чакырылган ыктыярдуу башталышта түзүлүп, шайлоого жана өз алдынча башкарууга негизделген коомдук органдар. Аксакалдар соту урмат-сый менен абыройго ээ аксакалдардын арасынан жарандардын чогулушу, жергиликтүү кеңештер же дагы башка жарандардын ичинен айыл, кыштак, шаар аймагындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүк органдары тарабынан уюштурулушу мүмкүн. Аксакалдар соту юридикалык жак болуп саналбайт жана акыйкат органдарында каттоого алынбайт [1].

Аксакалдар соттору – булар ыктыярдуулук башталышта жана шайлануучулук жолу менен, өз алдынча башкаруу формасында түзүлүүчү, мыйзамда белгиленген тартипте сот органдары тарабынан жөнөтүлүүчү материалдарды, ошондой эле жарандар ортосундагы талаш-тартыштар боюнча иштерди аксакалдар соттору жөнүндөгү мыйзамада белгиленген учурларда жана тартипте, кароону жүзөгө ашырууга чакырылган коомдук органдар.

Аксакалдар соттору каттоо үчүн райондук (шаардык) кеңештерге, ошол калктуу конуштун тургундарынын чогулушунун протоколу, болбосо аксакалдар сотун уюштуруу жана анын мүчөлөрүн шайлоону ырастаган тийиштүү коомчулуктун Кеңешинин

конференциясынын протоколу, ошол аймакта жашагандардын саны боюнча курамы жөнүндө мамлекеттик органдын маалымкаты, шайланган аксакалдар сотунун мүчөлөрү кол койгон, аксакалдар сотун каттоо жөнүндөгү арыз, аксакалдар сотунун мүчөлөрүнүн паспортторунун көчүрмөлөрү берилет. Аксакалдар сотторунун мүчөлөрүн тийиштүү коомчулуктун кеңештеринин конференцияларында шайлоодо, ошол аймакта жашагандардын саны боюнча курамы жөнүндөгү мамлекеттик органдын маалымкаты талап кылынбайт. Райондук (шаардык) кеңештердин талабы боюнча аксакалдар сотун уюштуруууга байланыштуу башка документтердин да берилиши мүмкүн.

*Аксакалдар сотторунун иш-аракеттеринин укуктук негиздери.* Аксакалдар сотторунун уюштуруулушу жана иш-аракеттери Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин мыйзам чыгаруу жыйыны тарабынан 2002-жылдын 4-июнунда кабыл алынган «Кыргыз Республикасынын аксакалдар соттору жөнүндөгү мыйзамы», ошондой эле Кыргыз Республикасынын 2003-жылдын 30-июлундагы №158 редакциясындагы мыйзамдарга негизделген. Аксакалдар сотторунун иш-аракеттери ушул мыйзам менен катар эле Кыргыз Республикасынын башка дагы ченемдик-укуктук актылары менен жөнгө салынат.

Аксакалдар сотторун уюштуруу тартибинин, алардын ыйгарым укуктарынын жана иш-аракеттеринин мыйзам менен аныкталышын, жарандардын анча татаал эмес, өз ара жарандык талаш-тартыштарын узакка созулуп, кымбатка туруууучу официалдуу сотторго кайрылбастан эле чечип алууну камсыздоону күчөтүү деп түшүнүү зарыл, анткени, мындай мүмкүнчүлүк конституцияда бекемделгенге чейин, аксакалдар сотуна тийиштүү бардык маселелер, жөн эле жобо менен жөнгө салынып келген [2].

*Аксакалдар сотторунун негизги милдеттери:*

- жарандардын бузулган же талаш-тартышка түшкөн укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо;
- мыйзамдуулукту жана укук тартибин чыңдоого көмөк көрсөтүү жана айылдарын, шаарчалардын жана шаарлардын аймагында укук бузуулардын алдын алуу;
- жарандарды, мыйзамды, үрп-адаттардан жана салттардан улам тарыхый жактан калыптанган адеп-ахлактыктын жана ыймандуулуктун ченемдерин урматтоого тарбиялоо болуп саналат.

Аксакалдар соттору ынандыруу жана коомдук таасир көрсөтүү, тараптардын жарашуусуна жетишүү жана республиканын мыйзамдары менен башка ченемдик актыларына каршы келбеген, акыйкат чечим чагаруу жолу менен иштейт.

Аксакалдар соттору төмөнкүдөй иштерди (материалдарды) кароого укуктуу:

а) жарандардын мүлктүк жана үй-бүлөлүк талаш-тартыштары жөнүндө:

- мүлктүк карыздарды төлөтүп алуу боюнча;
- мүлктү бөлөк бирөөнүн мыйзамсыз ээлөөсүнөн кайтарып алуу боюнча;
- сактоого коюлган мүлктү кайтарып алуу боюнча;
- ижаралык төлөөнү өндүрүп алуу боюнча;
- зыян келтирилген мүлктүн ордун толтуруу боюнча;
- жубайлардын жалпы, орток мүлкүн бөлүштүрүү боюнча;
- улуттук нике мамилелилери жана нике, үй-бүлө мамилелери менен байланышкан каада-салттар боюнча;

б) ата-энелердин, үй-бүлөнүн башка мүчөлөрүнүн балдарды багуу жана тарбиялоо боюнча милдеттерин аткарбаганы жөнүндө;

в) бойго жеткен балдардын эмгекке жарамсыз ата-энелерин же аларды белгиленген тартипте тарбиялаган жана баккан адамды багуу боюнча милдеттерин аткарбаганы жөнүндө;

г) эмгек келишими боюнча аткарылган иш үчүн акы төлөө жөнүндө;

д) жер участокторун пайдалуучулардын ортосундагы сугат боюнча талаштар (мыйзамдын 15-беренеси).

Аксакалдар сотторунун ишинин укуктук негизин, биз жогоруда көрсөткөндөй Кыргыз Республикасынын Конституциясы, мыйзам, жарандык процесстик кодекс жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик-укуктук актылары түзөт. Жогоруда келтирилген, мыйзамдын 2-беренесинде жазылгандай «Аксакалдар соттору өзүнүн иш-аракетинде абийирин, жеке ынанымдарын, Кыргызстандын элдеринин, үрп-адаттарынан, жана салт-санаасынан улам тарыхый жактан калыптанган адеп-ахлактыкты жана ыймандуулукту... жетекчиликке алуу менен чечим чыгарып», ошол жогоруда келтирилген баалулуктарды урматтоого тарбиялоо болуп саналат (3-берене). Ушул өңүттөн алып караганда, ошондой эле, мазмууну боюнча дагы мыйзамдын 9-беренисинде каралган, аксакалдар сотторунун курамына араң, эле бойго жеткен жарандардын деле шайлануу мүмкүнчүлүгүнүн канчалык туура экендиги жөнүндөгү маселе орундуу суроолорду туудуруп, бул маселенин канчалык туура чечилгендиги күмөн санатууда [3]. Мыйзамда бекемделген негиздер боюнча аксакалдар сотунун мүчөсүнүн ишке катышуудан баш тартуу мүмкүнчүлүгү каралган.

Ошондой эле, аксакалдар сотунун мүчөсү төмөнкүдөй негиздер боюнча соттун курамынан чыгарылышы да мүмкүн:

- Аксакалдар сотунун мүчөлүгүнөн баш тартуу;
- Аксакалдар сотунун мүчөсүнүн өлүмү;
- Ыйгарым укугу мөөнөтүнүн бүтүүсү;
- Жашаган жеринин өзгөрүшү (ошол калктуу конуштан көчүп кетүүсү);
- Жазык жоопкерчилигине тартылуусу жана соттолуусу;

- Аксакалдар сотунун мүчөсү, аны шайлаган жарандардын жалпы чогулушу, тийиштүү коомдук кеңештердин конференциясы болбосо айылдык, шаарчылык, райондук (шаардык) кеңештердин сессиялары тарабынан:

- Эгерде ага жүктөлгөн милдеттерди аткара албаса;

- Татыксыз жүрүм-турумуна байланыштуу;

Эгерде укук бузууларды жана аксакалдар сотунун мүчөсүнүн наамына ылайык келбеген башка жоруктарды жасаса, кайра чакыртып алынышы мүмкүн. Соттун мүчөлүгүнөн чыгарылгандардын ордуна аксакалдар сотунун жаңы мүчөсүн шайлоо мыйзамда каралган тартипте жүргүзүлөт. Аксакалдар сотунан ыйгарым укугунун мөөнөтүнүн бүтүшүнө байланыштуу соттун курамынан чыгарылган мүчөсү кайрадан шайланышы мүмкүн.

Аксакалдар соттору жөнүндөгү мыйзамдын 5-беренесине ылайык, жарандык процесстин 11-беренесинен айрымаланып, аксакалдар сотунун сот өндүрүшү мамлекеттик же расмий тилдерде гана эмес, ошол жердеги (иш карлуучу жер) калктын көпчүлүгүнүн тилинде да жүргүзүлө тургандыгы көңүлдү өзүнө бурат. Аксакалдар сотторунда ишти кароо ачык жана төрагалык кылуучу менен соттун мүчөлөрүнүн курамында коллегиялдуу принципте каралат. Аксакалдар сотторунда иштерди кароо мөөнөтү, убактысы жана орду. Аксакалдар соту ишти (материалды) ал сотко келип түшкөн учурдан тартып 15 күндүк мөөнөттө карайт. Зарыл болгон учурларда (материалдарды) иштерди кароонун мөөнөтү, материалдарды суратып алуу, болбосо сотко катышуучулардын кошумча маалыматтарды берүүсүнүн мөөнөтүнүн узартылышы мүмкүн, бирок ал 15 күндөн ашпашы керек. Эгерде бир ай бою кворум болбой каган учурларда, аксакалдар сотторунун башка чечими кабыл алынбаса, аксакалдар сотторуна тийиштүү мамлекеттик органдар же алардын кызмат адамдары тарабынан өткөрүлүп берилген иштери (материалдары), ошондой эле жарандардан түшкөн арыздарды алар кайра суратып ала алышат. Аксакалдар сотторунун иштерди (материалдарды) кароо убактысы соттун төрагасы тарабынан аныкталат. Аксакалдар сотунда катышуусу зарыл болгон адамдарды отурумга чакыруу соттун төрагасы тарабынан милициянын бөлүктүк инспектору аркылуу жүргүзүлөт. Бул адамдарды кабарлоо өз учурунда, бирок, кеминде үч күн мурда жүргүзүлөт [4].

*Ишти аксакалдар сотунда карап чечүү тартиби.* Ишти кароо үчүн мурунтан белгиленген убакытта сот отурумунун төрагасы же анын тапшыруусу боюнча аксакалдар сотунун кайсы бир мүчөсү аксакалдар сотунун отурумун ачат жана кайсы иштер карала тургандыгын жарыялайт.

Төрагалык кылуучу отурум ачылгандан кийин сотко чакырылган адамдардын келгендигин тактайт, сотко тартылганга, жабырлануучуга жана процесстин башка катышуучуларына алардын укуктары жөнүндө түшүндүрөт, ошондон кийин адамдардан соттун курамынан баш тартуу же расмий өтүнүчтөрү бар же жок экендигин, ал эми мүлктүк жана үй-бүлөлүк талаш-тартыштар боюнча, тараптардын, алардын ишин аксакалдар сотунда каралуусуна макулдугун тактайт. Процесске катышып жаткан адамдар далилдерди изилдөөгө катышууга жана расмий өтүнүч билдирүүгө, анын ичинде кошумча материалдарды суратып алууга укуктуу. Эгерде ишти кароочу сотторго ишенич көрсөтпөө жөнүндө сунуш киргизилип, жана башка расмий өтүнүчтөр жөнүндөгү маселелер пайда болсо, анда ошол маселелер чечилгенден кийин төрагалык кылуучу жарандардын арыздары боюнча талаш-тартыштын жүйөсү жана маңызы жөнүндө баяндайт. Андан кийин, сот ишке катышкандардын түшүндүрмөлөрүн угуп, бардык зарыл болгон материалдарды жана далилдерди изилдейт. Эгерде, ишке катышкандар тарабынан кандайдыр бир толуктоолор сунушталбаса, төрагалык кылуучу ишти манызы боюнча кароо бүттү деп, жарыялап, сот чечим чыгаруу үчүн өзүнчө атайын бөлмөгө кирет-кетет.

Иштерди аксакалдар сотунда кароонун акысыз жүргүзүлөрүн белгилей кетүү керек [5]. Сот отурумунда, ишти кароонун жүрүшү боюнча, жалпы юрисдикциялык соттордо каралуучу жарандык иштерди кароодогудай эле протокол түзүлөт. Бирок, бул эки соттун протоколду түзүүчү субъектилери боюнча кескин түрдө айрымаланышат, анткени, официалдуу сот отурумунун протоколун атайын кызматтагы соттун катчысы түзсө, аксакалдар соттору жөнүндөгү мыйзамдын 24-беренесинин 1-пунктуна ылайык мындай милдет аксакалдар сотторунда ошол эле ишти карап жаткан соттордун бирине жүктөлгөн. Аксакалдар сотунун протоколунда, соттун курамы жөнүндө маалымдоолор, иштин мүнөзү, аны кароонун убактысы жана орду, ишти кароодо, аксакалдар сотунун отурумуна катышкан адамдар жөнүндө маалыматтар, алардын арызы жана кыскача сөзү (түшүндүрмөсү, расмий өтүнүчү) жана иш боюнча кабыл алынган чечим камтылууга тийиш. Аксакалдар сот отурумунун протоколуна төрагалык кылуучунун жана катчынын колу коюлат. Аксакалдар сотунун чечимин мажбурлап аткартууга аткаруу баракчасын берүү жөнүндөгү арыз, анын пайдасына чечим чыгарылган тараптын аймагында жайгашкан райондук же шаардык сотко берилет. Мындай арыз, чечимди аткаруу мөөнөтү бүткөн күндөн тартып бир айдын ичинде берилиши мүмкүн. Арызга аксакалдар сотунун чечиминин аткарылбай калгандыгын ырастоочу документтер тиркелет.

Аксакалдар соту – бул уникалдуу мекеме болуп саналат: маданий мурастын элементтерин (аксакалдар бийлиги) жана формалдуу эмес сот адилеттигин айкалыштырат; мамлекеттик соттор менен тыгыз байланышта иштейт; бекем мыйзамдык негизи бар [6].

***Жыйынтыктап*** айтканда, аксакалдар соту – мыйзамга ылайык, сот, прокурор, ички иштер органдары ж.б. мамлекеттик органдар менен кызмат адамдары тарабынан жиберилген материалдарды кароого чакырылган ыктыярдуу башталышта түзүлүп, шайлоого жана өз алдынча башкарууга негизделген коомдук органдар болуп саналат. Аксакалдар соту юридикалык жак болуп саналбайт жана акыйкат органдарында каттоого алынбайт.

Аксакалдар соту Кыргызстанда талаш-тартыштарды чечүүчү атайын мыйзамдын негизинде иш жүргүзүүчү соттук эмес орган болуп саналат [7]. Аксакалдар соттору ар бир айыл округунда түзүлүп, алардын курамы эң кадыр-барктуу адамдардын куралат.

**Адабияттар:**


1. Интернет ресурс: https://ky.wikipedia.org
2. Сатыбеков С.С. Кыргыз Республикасынын жарандык процесстик укугу. - Бишкек 2012. 147-б.
3. Токтакун кызы Г. Правовые основы суда аксакалов. / Известия вузов Кыргызстана. 2017. №. 12. С. 60-62.
4. Кыргыз Республикасынын жарандык-процесстик кодекси 29.12.1999-ж. №146.
5. Кыргыз Республикасынын аксакалдар соттору жөнүндө мыйзамы 05.07.2002-ж. №113
6. Интернет ресурс: https://roza.kg/media/projects
7. Аленкина Н.Б. Квазисудебная функция судов аксакалов: живые голоса из регионов Кыргызской Республики // Российское право: образование, практика, наука № 2. - Москва 2023. - С. 4-7.
8. Токтакун кызы Г. Правовые основы суда Аксакалов. / Известия вузов Кыргызстана. 2017. №. 12. С. 60-62.